31-тиркеме

2021-жылдын 25-сентябрындагы
№1 директорлук кеңешмеде
каралды

БЕКИТЕМ
Директор
А.Асаналиева
2021-жыл

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу тартибинин НУСКАМАСЫ**

**1-бөлүм**

1. Мугалим - зарыл кесиптик билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ, жалпы орто мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеп жаткан, окутуу, илимий, усулдук , тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу киши.
2. Квалификацияны жогорулатуу программаларынын мазмуну мамлекеттик жана социалдык тапшырыкты эске алуу менен жаңыртуу жолу аркылуу өзгөртүлөт;
3. Мамлекет мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарынын, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарынын бардык типтеги мекемелеринин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн бардык шарттарды түзүүгө кепилдик берет.
4. Квалификацияны жогорулатуу программаларынын реестри түзүлөт жана ал программалар экспертизадан өтүп, республикалык жана аймактык маалымат банкына (депозитарий) киргизилет. Бул аларды ишке ашырууга бүт өлкө боюнча бирдей ык-амалдардын колдонулуусун камсыз кылат;
5. Квалификацияны жогорулатуу модели жакшыртылат, башкача айтканда, түзүм жагынан ал бир нече модулдан турат (инварианттуу жана вариативдүү), модулдук ык-амалга негизделген; моделди өзгөртүүнүн өзгөчөлүгүнүн бири вариативдик бөлүктү ишке ашырууга эл аралык жана ата-мекендик провайдерлердин тартылышы, ал эми педагогдордун алардын ичинен каалаганын тандоо мүмкүнчүлүгүн алуусу жана ал аркылуу атаандаштык чөйрөсүнүн пайда болуусу;
6. Окуу модулдарын ырааттуу өздөштүрүү педагогикалык кызматкерлердин билимин жаңылоого жана алардын көндүмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүндүк түзөт; бул система педагогикалык кызматкерге билим берүү программаларын жана аларды өздөштүрүү формаларын (катышып окуу, жумушту таштап окуу, жумушту таштабай окуу, дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу менен) өз алдынча тандоону камтыган жеке окуу планын түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу принцибине негизделет; бир сөз менен айтканда, ар бир окуу модулу өз алдынча квалификацияны жогорулатуу курстары катары саналат жана аны ийгиликтүү өздөштүргөндөн кийин педагогикалык кызматкердин квалификациясынын жогорулашы тууралуу күбөлүк берилет;
7. Бүт республикалык квалификацияны жогорулатуу боюнча автоматизацияланган маалымат базасын киргизүү, электрондук окуу-методикалык камсыздоо, MOODLE билим берүүнү башкаруу системасын киргизүү ж.б. кирет.
8. Квалификацияны жогорулатуунун эки маанилүү траекториясы:
   - Биринчиси – бир кыйла маанилүү жана белгилүү – КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы, «Мугалимдин статусу» жөнүндөгү Мыйзамы, Мектептик билим берүү, Мамлекеттик Билим берүү стандарты, Базистик окуу планы, предметтик стандарттар, 2020-жылга чейин окуучуларды жана

Scanned by TapScanner

окуучу жаштарды тарбиялоонун Концепциясы, 2020-жылга чейин Билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы, өнүгүүнүн 2040-жылга чейинки Улуттук туруктуу стратегиясы, мугалимдин квалификациялык категорияларына коюлуучу талаптар жана башка документтерде көрсөтүлгөн мамлекеттик буйрутма квалификацияны жогорулатууну аткаруу болуп саналат.

- Экинчи траектория-квалификацияны жогорулатуудагы Билим деңгээлин жогорулатуу максаты, иш сапатын өркүндөтүү, теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү жаңылоо жана ошондой эле азыркы кесиптик милдеттерди чечүү ыкмалары

## 2-бөлүм

9. Билим берүү программаларынын мазмуну КРнын Өкмөтүнүн 11-август 2016-жылы бекитилген токтому жана Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жана Билим берүү жана илим министрлигинин биргелешкен буйругунда "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин квалификациялык категорияларына карата Талаптарына" ылайык түзүлгөн . Билим берүү программасынын мазмуну педагогдун кесиптик ишинин негизги тармактарына багытталган: күтүлүүчү жыйынтыктарды пландоо жанаа баалоо
10. Активдүү окутуунун / окуунун усулдарын тандоо жана мазмунун түзүү жана ээ болуу
11. Кесиптик деңгээлди жогорулатуу жана коомчулуктун өкүлдөрү менен кызматташуу
12. Билим берүүдө баардык окуучулар үчүн кызыктуурууучу чөйрөнү түзүү
13. Мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн түзүлгөн **перспективдүү иш планынын** негизинде мугалимдер беш жылда бир жолу курстан өтүп турушат.
14. Курстан өтүү аркылуу кесиптик чеберчиликти жогорулатуу МУБ дун жетекчилери өздөрүнүн усулдук бирикмесиндеги мугалимдердин чеберчилигин жогорулатуу боюнча курстардан өтүшүнүн графигин түзүшөт.
15. Директордун орун басары бул маалыматты чеберчиликти жогорулатуу боюнча курстардан өтүүнүн графигине мөөнөтүн тактоо менен киргизет.
16. Даярдалган графикти мектеп райондук билим берүү бөлүмүнө өткөрөт.
17. Өз кезегинде чеберчиликти жогорулатуу боюнча уюмдар менен түзгөн план-графиктер аймактарга жөнөтүлөт, ал план боюнча мугалимдер, мектеп жетекчилери курстарга жиберилет.
18. Чеберчиликти жогорулатуу курсунан өткөндөн кийин мугалим алган билимдерин жана көндүмдөрүн кесиптештери менен презентацияларда, ачык сабактарда, семинарларда отчеттордо бөлүшө алат.

Scanned by TapScanner